УДК 93:94

Бакирдинова Н.А.
*Кыргыз билим берүү академиясы*

# ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ТАРЫХ САБАГЫНДА КӨРҮНҮКТҮҮ ИНСАНДАРДЫН МИСАЛЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫ ПАТРИОТТУК САПАТКА ТАРБИЯЛОО

***Түйүндүү сөздөр : тарых, мекен, патриот, ата-мекен, туулуп өскөн жер.***

Азыркы мезгилде мектепте тарых сабагынын бирден-бир актуалдуу проблемасы болуп окуучулардын патриоттуулугун, Ата Мекенине, элге, жерге болгон сүйүү сезимин жаратуу эсептелет. Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын билимдүү, илимдүү адамы кыргыз элинин салт-санаасын, тарыхын жана азыркы учурдагы кырдаалды түшүнө билүүсү зарыл. Окутууда окуучулардын окуп, билим алуусу менен бирге, өз Мекенине, мамлекетте болуп жаткан окуяларга кайдыгер мамиле жасабагандай окутуу азыркы кырдаалдагы мугалимдин милдети деп айтсам жаңылышпайм.

Тарых – бул элдин жан-дүйнөсүнүн көрүнүшү, анын алтын казынасы. А.С. Пушкиндин «Өткөндү урматтоо – билимдүүлүктү наадандыктан айырмалоочу белгинин өзү» деген сөзү калетсиз.

Тарыхый эске ээ болуу бардык адамдардын таалайлуу турмушу үчүн мурда өткөн муундардын күрөшүнүн бүткүл тажрыйбасын өздөштүрүү жана аны турмушту андан ары өркүндөтүүнүн, адамда адамкерчиликти байытуунун куралына айландыруу дегендикке жатат. Белгилүү жазуучу В. Белов: «Баарын унутуп, салт-санаадан жана маданияттан рухий сепилин жаратат» – деп адилеттикти белгилеген.

Бүгүн күндү жөндөп, эртеңкиге кам көрүү менен, биздин коомубуз тар жол, тайгак кечүүлүү белгисиз жолду басып баратат. Турмуш-тиричиликти жакшыртуу үчүн улам жаңы күч-кубатка ээ болгуң келсе, өткөнгө көз чаптыруу зарыл.

Биздин элдин тарыхында уникалдуу рухий тажрыйба, эң бай интеллектуалдуу жана нравалык эстетикалык күч, түгөнгүс чыныгы кенчтер жана чыгармачыл акылдын кубаты бар. Элдик мүнөздүн белгилери – бул Мекенди чексиз сүйүү, анын алдында граждандык парзды сезүү, эмгекте жан аябагандык, адамдын күчүнө кадиксиз ишенүү, айлана-чөйрөнү таанып-билүүнүн жогорку пафосу жана аны жакшыртуудагы демилгелүүлүк, башка адамдардын турмушундагы ой-санаааларды бөлүшө билүүгө жөндөмдүүлүк жана аларга иштиктүү жардам берүүгө даяр туруу, эң аруу ариет. Биздин коомубуз өсүп келаткан муундардын улуулардын баа жеткис тажрыйбасын сактап калуусуна гана умтулбастан, ошондой эле аны байытышына умтулат.

Тарыхты үйрөнүү өткөндөгү терс нерселерден арылууга бизге жардам берүүгө чакырылган.

Тарыхый эс элдик дурус тажрыйбаны топтоого көмөк көрсөтөт. Ошентсе да тарыхты окуп үйрөнүү – бул дегеле өткөн турмушту эсте тутуу жана тарыхый материалдын мазмунун кайталап айтып берүү деген сөз эмес. Тарыхты үйрөнүү - өткөн турмушту аңдап түшүнүү, коомдук болмуштун закондорун таанып билүү дегендик. Эгерде биз тарых, башка сабактар менен бир катарда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берүүсүн кааласак, алардын ойлоосунун өз алдынчалыгын бардык чаралар менен активдештиришибиз керек. Ал эми бул үчүн, эң оболу, өз сабактарыбызда кайдыгерликке жана зериктирмеликке, сенсордук жардылыкка жол бербешибиз керек. Окуучулар тарыхты үйрөнгөн кезде окуу материалын жадыбалдай куру жаттабаса, тескерисинче «лирикага» берилип, өткөн турмуштун окуяларына жана адамдарына карата жекече мамилеси бар болуп, ошол өткөн турмуштун тажрыйбасын жакшылап өздөштүрүп алса, өткөн турмушту окуп үйрөнүүгө чын дилинен кызыкса, алар рухий бийиктикке көтөрүлөт. Мектептеги тарых сабактары жаш адамды байланыштуу ой жүгүртүүгө, чоң иштерге бел байлоону пайда кылууга, элдин залкар ишине тилектеш болууга, турмуштун жогорку маңызын Мекенге, коомго кызмат кылуудан көрө билүүгө түрткү берүүгө тийиш.

Биз, адамдар, мурдакы доорлордун издери менен баруубуз керек, а эми жаңы бытие түзүү үчүн бабалардын мурасын чыгармачылык менен өздөштүрүү керек. А эми мунун өзү укмуштуудай кыйын: жеке биринчи чыйыр салуучу адамга да кээде зор сыноолор дуушар болот. Мындай мезгилде тарых дарыгерлик роль аткарат жана көп нерсеге үйрөтө алат.

Тарыхты окутуунун натыйжасы, башка сабактар, гуманитардык сабактар сыяктуу эле ар бир окуучубуздун аң-сезими менен жашоо-тиричилигинин шайкештиги болуп калууга тийиш. Бул эң эле кыйын педагогикалык милдет, бирок эгерде ал орундалбаса, башкаларды чечүү мааниге ээ болбойт. Мектеп окуучулары тарыхтын болуп өткөн окуялары, закон ченемдүүлүктөрү, тарыхый процесстеги инсан жана масса, адамзат коомунун бардык өнүгүү этаптарындагы материалдык фактор, коомдун тарыхында эволюция жана революция сыяктуу негизге түшүнүктөрүнө ээ болушу абдан зарыл.

Биздин мектебибиздин өнүгүшүнүн кайсы бир баскычында жүйөсүз эле коркуу чындыктардан эмес, чындыкты окуучулардын өздөрүнүн издөөсүнөн, өз алдынча коюлуучу суроолордон, окуу китептеринен, мугалимдин түшүндүрүүсүнөн кенедей эле четтөөдөн коркуу пайда болгон. Бара бара, аз-аздап отуруп чыгармачылык менен изденүүнүн руху биздин сабактарыбыздын көбүнөн жок болуп кеткен.

Өзгөчө мектеп реформасынын шарттарында келишүүгө болбой турган бул кемчиликти кантип жоюу керек? Анткени дал реформа жалпы билим жагынан даярдоонун деңгээлин чукул жогорулатууга, илимдин негиздерине чыгармачылык менен, активдүү жана өз алдынча ээ болууга бизди багыттайт эмеспи.

Реформа процентомания сыяктуу кемчиликти ылдамыраак жоюуну талап кылууда. Коюлган милдетти шашылбастан жана даанышмандык менен чечүү керек. Оор жана жооптуу окуу канааттанууну туудурат жана кесип алууга тикелей алып барат дегенге негизделбеши керек. Окууну мотивдештирүү керек – биз өзүбүздүн педагогикалык изденүүлөрүбүздү багыттоого тийиш болгон башкы нерсе ушул. Мектеп окуучуларында адамды, коомду жана жаратылышты таанып - билүүдө рухий керектөөнү бапестеп өнүктүрүүгө өзгөчө маани берүүгө убакыт жетти, бул жерде мен мындан башка өтө тагыраак сөздү тандап алалбадым. Ошондо сабактарда ар бир чыныгы мугалим эңсеген чыгармачылык сезим эргиткен жагдайлар келип чыгат.

Өсүп келе жаткан адамды өнүгүүнүн жалпы процесстери, адамзаттын алгалаган кыймылынын закон ченемдүүлүктөрү гана кызыктырбастан, ошондой эле тарыхый адамдардын керт башы, алардын граждандык турпаты кызыктырып жатканын жыл өткөн сайын уламдан-улам катуурак сезип жатам. Эгерде окуучу тарыхый фактыларды, коомдук формацияларды, процесстерди акылы менен гана кабыл алса, ал, албетте, өзүн интеллектуалдуу жактан байытат. Ошондой болсо да сабак жарды болуп чыгат. Тарыхый билимдердин, пикирлердин, жалпылоолордун негизинде ичтен толгонуу, кээ бир учурларда катуу толкундоо пайда болгон кезде гана тарых сабагы өз ордун ээлейт. Чыныгы сабак бир эле учурда интеллектуалдуу да, эмоциялуу да болот.

Тарбиялануучулардын ой–пикири менен сезимдерине кандай жолдор менен таасир этүү жөнүндө ойлонуп отуруп, дайыма мындай корутундуга келемин: зор коомдук процесстердин ички мазмунун тереңдете ача билүү жана улуу тарыхый адамдардын ажарын айкын-ачык сүрттөө керек. Сабак окуучунун интеллектин, анын эмоциялык маданиятын, кыял чабытын, эске тутуусун өнүктүрүүнүн биринчи булагы болууга тийиш. Ал эми тарыхый эс – чыныгы патриотизмдин, өзүнүн улуу элинин өткөндөгүсүнө ардактоо менен, ал тургай ардактуу  мамилее жасоонун пайдубалы. Тарыхый инсандар тууралуу маалыматтарды алсак, алар жалпы эле тарыхтын, анын ичинде Кыргызстан тарыхынын жазылышында эң маанилүү роль ойнойт. Анткени байыркы мезгилден баштап ошол тарыхый инсандар – ажолор, кагандар, уруу башчылары, душмандардан өз эли–жерин коргогон баатырлар – өз элинин атын өчүрбөй, биримдигин сактап эл башкарып келген.

Мугалим али рухий жактан жетилип-жетиле элек балага чоңдор, ар тараптуу даярдыгы бар адам гана чече ала турган нерсени чечүүгө ченемсиз ишеним көрсөтөт, ал балдардын чыгармачылык жөндөмүн өтө эле батымдуу баалайт.

В.И. Ленин «Философиялык дептерлеринде» дүйнөнү рухий өздөштүрүүнүн эки жагынын – рационалдуу жана эмоциалуу жактарынын – биримдигин баса белгилеген: «Идея дегенибиз – адамдын таанып-билүүсү жана умтулуусу (каалоосу)…»

Лениндик мураста сезим аркылуу чындыктын маңызы айкындалат: «адамдын чындыкты издөөсү «адамдын эмоциясыз» эч убакта болбойт, жок жана болушу мүмкүн эмес  деген пикир бар.

Дал ошондуктан бизди көптөгөн окуучулардын тарых сабагына карата кайдыгерлиги тынчсыздандырат. Биз балдарда тарыхый эсти, диалектикалык ойлонууну жана жогорку адеп-ахлактык сапатты: ата-журтту чексиз сүйүүнү, жан аябай эмгектенүүнү, коом, адамзат жөнүндө ишкердүү камкордук көрүүнү калыптандырууга чакырылганбыз. Адам эмгектеги, таанып-билүүдөгү жана өз ара катнашуудагы ийгиликтери менен жогорку сезимдерге дайыма милдеттүү.

Бирок көптөгөн окуучулар үчүн окуу иши, ошонун ичинде тарыхты окутуу өзүнүн чыныгы адамзаттык маани-маңызы менен чыкпагандыгынын түпкү себеби кайда? Маселенин өзөгү мектепте окуучунун туура эмес абалда тургандыгында: ал билимди окуу китептеринен жана мугалимдердин айтып бергендеринен алат, жаттайт, кайталайт, даяр билимди, бирөөнүн билимин кайталап айтып берет. А эми мындай билим адамга өзүнүн жеке рухий дүйнөсүн түптөөсүнө аз жардам бере алаары түшүнүктүү.

Ар бир окуучудан «Силер тарых сабагында эмнелерди иштегенди жакшы көрөсүңөр?» - деп сураса, дээрлик бардыгы: «Мугалимдин сөзүн укканды», - деп жооп беришет. Көптөгөн мугалимдер айтып берүүнүн устаты жана көркөм окуунун устаты болгону эң сонун: чыныгы мугалимдин сөзү - алтын. Бирок окуучулардын өзүлөрүнүн эмгеги кайда кеткен? Алар эмне үчүн ангемелешүүлөргө жана диспуттарга, семинарларга жана конференцияларга катышканды, окуу китеби менен өз алдынча иштегенди, биринчи булактарды үйрөнгөндү, жазуу жүзүндөгү чыгармачылык иштерди аткарганды, билдирүүлөрдү жана докладдарды даярдаганды, тарыхтын башка илимдер жана искусство менен байланыштарын аныктоону жакшы көрүшпөйт?

Сөздүн түз маанисиндей жүгүртүүнү талап кылган милдеттерди уга билүү жана өз бет алдынча бирдей эле нерсе эмес. Татаал маселелерге жекече табылган жоптор гана чыныгы билимге айланат. А эми психологиялык жактан жагымдуу шарттарда сабактан сабакка мугалимдин сөзүн угуу – бул рухий маданияттын негиздерин өздөштүүдө оңой жолго качыруу дегендикке жатат.

Көп мектеп окуучуларында өмүрдүн ушул мезгилинин негизги ишин – окууну – мүмкүн катар мыкты, мүмкүн катар ак ниет, мүмкүн катар талаптуу орундатууга умтулуу жок. Таанып-билүү эмгеги эмес, жөн эле жеңил-желпи мамилени көбүрөөк байкайбыз. Мунун натыйжасы жокко тете. А эми «Илимди эмнеге ушунчалык жаман өздөштүрөмүн? Менин окуум эмнеге чыныгы окуу эмес?» деп кейип-кепчип уялуу дегеле болбойт. Көпчүлүк окуучулар аябагандай чымыркануудан улам баш «кеңгиреген» абалдын эмне экенин билишпейт. Бул болсо түшүнүктүү: окууну оюн катары өткөрүшүп, окушпай,. төрөпейилденишет, эмгектенишпейт. көп учурда эмгектенимиш болушат. Коомго мыкты турмуш үчүн күрөшүүгө жөндөмдүү, даяр оокаттын бардыгына маашыркабаган, эмгектенүү менен өздөрүнүн потенциалдуу чыгармачылык күчтөрүнүн бардыгын ойготууну самаган, эмгексиз ыракатка качырбаган адамдар керек.

Окуучулардын ынтызарсыздыгы тескери, жасалма педагогикалык шарттардын кесепети: окуучунун мээси көбүнесе ишсиз абалда болот. А эми курчап турган чөйрөнү таанып-билүү адамдын тубаса мүдөсү болот.

Тарых – бул мурдакы же кечээки эле күн эмес, ал бүгүнкү да күн. Өткөндү жакшы билүү менен биз азыркы учурду жакшыраак түшүнөбүз жана келечекти жакшыраак элестетебиз.

Ошентсе да, сабакка азыркы мезгилди дайыма киргизип, анын жүрүшүн биздин доорубуздун духу менен толтуруу  керек. Бул жерде жол бирөө гана – программанын горизонтторун кеңейтүү, коомдун жүрүшүнө же окуяларга өз убагында күн сайын үн кошуу, сабакка темадан тышкаркы маалыматтарды киргизүү.

Кимдир бирөөнүн илимий кабарды, макаланы, брошюраны, китепти окуганы, адабий чыгарма, фильм спектакль менен таанышканы, көрүнүктүү окумуштуу, жазуучу менен жолугушканы, техникалык жетишкендиктердин жана искусствонун көргөзмөсүндө болгону жакшы, ошо замат класстагылар бул жөнүндө биле алышат.

Азыркы кезде болуп жаткан олуттуу эч бир нерседен: тарыхчылардын конгресси, мамлекеттик ири ишмерлердин жолугушуусу, археологиялык жаңы казуулар ж.б.у.с. нерселерден биздин мектептин тарых кабинети, окуучулар кабарсыз калбайт. Ошентип окуучулар тарых жана азыркы күн проблемасынан кабардар болушат. Мына ушундайча турмушка тарыхый жактан аралашуу балдарда биздин убагыбызга кулак сала билүү жөндөмүн иштеп чыгарат. Класстагы маанайдын өзү тарыхка жана азыркы мезгилге каныккан. Балдар өлкөдөгү, чет өлкөлөрдөгү, бүт ааламдагы болуп жаткандардын баарына эмоциялуу–рухий жактан катышкандай болот. Ар бир окуучу класска Ата-Мекендин негизин жана дүйнөлүк негиздин бир бөлүкчөсүн алып кирет.

Өсүп келе жаткан жаш киши тарыхты үйрөнгөн кезде, сөзсүз, эки жакту көз караш керек: өткөн мезгилдин фактыларын дал эле өткөн мезгилдин фактылары катары көрө билүү өткөн мезгилдин фактыларын азыркы кездин фактыларына байланыштыра билүү керек.

Мындан тышкары, эгерде окуучу тарыхты гана үйрөнө турган болсо, өзүнүн тарыхый билимин жөндөй албайт. Рухий дүйнөнүн кеңири мейкиндиктерин өздөштүрбөстөн туруп, тарыхка чыгармачылык менен жетишүүгө мүмкүн эмес. Бул дүйнө философия, экономика, социология, психология, укук боюнча маалыматтарды өз ичине алат жана, албетте, көркөм байлыктарды өздөштүрүүнү талап кылат

Биздин коомго сезимтал позициясы, кеңири тарыхый жана азыркыга ылайык түшүнүгү бар, бирөөнүн таасирисиз жана мамлекеттик көз карашта ойлой билүүгө, өлкөдөгү жана дүйнө жүзүндөгү окуялардын бардыгын сезимтал-ариет кабыл алууга жана өтүп жаткан иштерге жеке жооп берүүгө, марксизм-ленинизмдин улуу идеяларын турмушка ашырууга багытталган күндөлүк жан аябаган чыгармачыл компетентүү  ишке өзүн рухий жана каруу–күчүн мобилизациялоого жөндөмдүү адам керек. Дал ошондуктан мындай адамды тарбиялоо – бул биздин педагогдук ишибиздин башкы максат-мүдөөсү. Жалпы билим берүүчү мектептин продуктусу жумушчу эмес, дыйкан эмес, кызматчы эмес, ал – инсан.

Инсан болуу деген үн адамдар арасында адам деп таануу, көптөгөн кылымдардан берки элдик тажрыйбада түзүлгөн рухий маданияттын көөнөргүс нарк-дөөлөттөрүн өздөштүрүү жана аларды түзүүчү күч катары эмгектик, социалдык мааниге ээ болгон иштерге, коомдук турмушка, адамдык мамилелерге, күнүмдүк тирликке тартуу деген сөз. Инсан – бул өз элинин ишине, болмуштун жаңы формаларын түзүүгө арналган массанын чыгармачылыгына белсемдүү жана аң-сезимдүү катышуучу, коомго пайдалуу болууга дили берилген граждан.

Кыргызстандын тарыхы, маданияты терең, эски, өчпөс болуп эсептелинет. Мамлекетибизге чоң салымдарын кошкон биз сыймыктанчу көрүнүктүү инсандардан куру эмеспиз жана алардын жасаган иштери аркылуу окуучулардын элге, жерге болгон патриоттук сезимин ойготууга, тарбиялоого чоң жардам берет десем жаңылышпаспыз.

Билим берүүнүн заманбап системасында анын максатына, милдетине ой жүгүртүү менен, бирге бир бүтүмгө келдик. Билим берүүнүн максаты – бул адам баласы өзүн-өзү тарбия жана окуу процесси аркылуу калыптандыруу. Бул жерде адам баласы өзүнүн кылган эмгегин, ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу.

Мектепте билим берүү системасы бирдиктүү, интегративдүү болуп сезилет, бирок окуучуну жеке психологиялык, нравалык жактан сактоо жана калыптандыруу үчүн бир канча багытта тарбиялоо туура десек болот. Мисалы:

- Ата–Мекенди сүйүү;
- тыкандык, чынчылдык, калыстык;
- эрктүүлүк, назиктик;
- патриоттуулук, атуулдук;
- ачык талкуу жана уга билүү;
- бири-бирине кичи пейил мамиле жасоо;
- максаттуу жана өзүн-өзү сыйлоо;
- коомго туура мамиле жасоо менен бирге эмгектенүү;
- чыдамкайлык, толлеранттуулук;

Окуучунун Ата–Мекенге болгон сүйүүсү, өз мекенине болгон атуулдук патриоттук мамилеси, өзүнүн ата-бабасынын тарыхын (кыргызда илгертен баланын жети атасын билүүгө үйрөтүшкөн) жана аны коргой билүүгө умтулушу – бул бүтүндөй мамлекеттин кандайдыр бир деңгээлде күчтүүлүгүн билдирет десем жаңылышпайм.

Патриоттук атуулдукка тарбиялоодо, окуучулар менен улуу саясий инсандар экөө тыгыз байланышта десек болот. Анткени окуучулар менен көрүнүктүү инсандарыбыздын майрам сайын жолугушуулары жана сабак учурунда мугалимдин элге өзүнүн өчпөс эмгектерин тыштап кеткен Кыргызстандын патриот инсандарынын эмгектеринде иштетүүсү окуучуларды потриоттук сезимге үгүттөө менен бирге алардын иштери менен сыймыктанып, ошол инсандай болууга түрткү берээрине шек жок.

Биздин окуучулар үчүн чачтарын бубак баскан, өмүр бою Кыргызстан үчүн иштеп, кичинекей болсо да мамлекетибиздин өнүгүп-өсүшүнө салымын кошкон пенсионер инсандарыбызды сыйлап, алар менен сыймыктана, алардан үлгү алып, тарбияласак туура болоор эле. Көрүнүктүү инсандарыбызды айтып жатып, өзгөчө, Курманжан датка, Атаке бий, Байтик баатыр, андан бери келип Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиев, Султан Ибраимов, Чынгыз Айтматов жана башка ушу сыяктуу Кыргызстан үчүн күйүп бышкан адамдарыбызды эстеген сайын жүрөгүңө Мекен алдындагы милдет, абийир, патриот деген жылуу сезим келет.

Тарых сабагын окутууда көрүнүктүү инсандарыбыздын кылган эмгектеринин мисалында окуучуларга патриоттук сезимин гана ойготпостон, аларга ата-бабабыздын кандай жашаганын, салт-санаасын билүү менен бирге улууларды сыйлап, алардан акыл-насаат, таалим тарбия алууну бирден-бир азыркы учурдагы жаштардын ортосундагы көпүрө десек болот. Өзгөчө, саясий инсандарыбыз 80дин кырында турса да өзүнүн билимин, акыл-насаатын тең бөлүшкөнү кубандырбай койбойт.

Сөзүмдү аяктап жатып, Кыргыз мамлекети күчтүү, жер жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөрдүн биринен болуп, элибиз жакшы жашоодо жана окуучуларыбыз, жаштар Кырызстандын чоң тамга менен жазылуучу көрүнүктүү инсандарынын тарыхын окуп тим болбостон, алардан үлгү алып аны жашоосунда да колдонуп, Кыргызстан үчүн күйүп бышкан чыгаан адам болушун калаар элем. Андай кырдаалга жетиш үчүн заманбап мугалимдин инсандык-адистик сапаттарынын ичинде төмөнкү инновациялык белгилер болуш керек деген корутунду чыгат:

- новаторчулук;
- жаңыны изденүүчүлүк;
- жаңыны кабыл алууга даярдык;
- өз алдынча окуу, өз билимин өркүндөтүү, өз алдынча өнүгүү;
- адистик чеберчилик;
- педагогикалык ойломдун инновациялык стили;
- чыгармачыл чечимди кабыл алууга даярдык.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.Н. Атеистическое воспитание в процессе преподования истории. – М., 1987.
2. Скаткин М.Н., Волков И.П., Лысенкова Н., Гончарова Т.И.Педагогикалык изденүү. – Б., 1989.
3. Саалаев С.Н. Кыргыз элинин тарыхый инсандары. – Б., 2010.
4. Интернет www. yandex ru.